# Тамак келгенде намаз болбойт жана эки нажас келип калган абалда туруп да намаз окулбайт

Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: "Тамак келгенде намаз болбойт жана эки нажас келип калган абалда туруп да намаз окулбайт".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тамак келгенде намаз окуудан тыйган. Анткени намаз окуп жаткан адам тамакты эңсеп, жүрөгү ага байланып калат. Ошол сыяктуу эле Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки нажасты; чоң заара жана кичи заара келген абалда намаз окуудан тыйган. Анткени андай учурда намаз окуучу дааратын кармоо менен алек болуп калат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee